УД-36/22 Д-4
172-13-67

Т О К Т О М

2022-жылдын 21-февралыЖалал-Абад шаары.

Жалал-Абад шаардык соту. Курамында:
төрагалык кылган-судья:Калмамат уулу А.,
катчы:Бурханов И.,
мамлекеттик айыптоочу:Разабаев Т.,
жактоочу:Таджибаев Д., Максудов Р.,
катышуусу менен ачык соттун отурумунда кылмыш иш карап, ал боюнча:
У.М.Ж. 10-июнь 1972-жылы Сузак районунун Төбөй айылында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, билими жогорку, үй-бүлөлүү 5 баласы бар, Жалал-Абад шаары Барпы сейил көчөсү №200 үйдө жашайт, мурда соттолбогон, “Дустлик” акционердик коомунун башкы директору, кыргыз тилин билет, бөгөт коюу чарасы жеке кепилдикте, айыпкер катарында жоопко тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн 05-июль 2013-жылы алган, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 295-статьясы, 297-статьясынын 1-бөлүгү менен айыпталат.
Т.Ж.Ш. 14-февраль 1968-жылы Сузак районунун Кара-Жыгач айылында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, билими жогорку, үй-бүлөлүү 5 баласы бар, Жалал-Абад шаары Э.М. көчөсү №10 үйдө жашайт, мурда соттолбогон, К.Р.Ж. Кеңешинин депутаты, кыргыз тилин билет, бөгөт коюу чарасы башка жакка кетпөө жөнүндөгү кол катта, айыпкер катарында жоопко тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн 05-июль 2013-жылы алган, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 295-статьясы, 297-статьясынын 1-бөлүгү менен айыпталат.
Т.Ш.К. 16-сентябрь 1976-жылы Сузак районунун Барпы айылында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, билими жогорку, үй-бүлөлүү 6 баласы бар, Сузак районунун Барпы айылы К.Т. көчөсү №31 үйдө жашайт, мурда соттолбогон, К.Р.Ж. Кеңешинин депутаты, кыргыз тилин билет, бөгөт коюу чарасы башка жакка кетпөө жөнүндөгү кол катта, айыпкер катарында жоопко тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн 05-июль 2013-жылы алган, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 295-статьясы, 297-статьясынын 1-бөлүгү менен айыпталат.
С.А.Т. 20-апрель 1976-жылы Сузак районунун Барпы айылында туулган, улуту кыргыз, Кыргыз Республикасынын жараны, билими жогорку, үй-бүлөлүү 5 баласы бар, Жалал-Абад шаары Абдырахманов көчөсү №19А үйдө жашайт, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлү, мурда соттолбогон, кыргыз тилин билет, бөгөт коюу чарасы башка жакка кетпөө жөнүндөгү кол катта, айыпкер катарында жоопко тартуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсүн 05-июль 2013-жылы алган, Кыргыз Республикасынын 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 295-статьясы, 297-статьясынын 1-бөлүгү менен айыпталат.

Иш материалдарын изилдеп, мамлекеттик айыптоочу Т.Р. айыптоону колдоодон баш тарткан оозеки өтүнүчүн карап, пикирлерди угуп, сот,-

Т А П Т Ы :

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

У.М.Ж.ке, Т.Ж.Ш.ке, Т.Ш.К.ке, С.А.Т.ке Кыргыз Республикасынын 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 295-статьясы, 297-статьясынын 1-бөлүгү менен айып угузулуп, жазык иш соттун кароосуна берилген.
Соттук териштирүүнүн жүрүшүндө мамлекеттик айыптоочу оозеки өтүнүч менен кайрылып, анда, айыпталуучулар Кумтөр маселеси боюнча учурунда наразы болушканын, азыркы учурда ошол маселелер каралып, айыпталуучулар мамлекеттик кызматта иштеп жатышканын, ошол жагдайлардын негизинде айыптоону колдоодон баш тарта турганын билдирди.
Жактоочу Максудов Р., айыпталуучулар У.М.Ж., Т.Ж.Ш., Т.Ш.К., С.А.Т., оозеки өтүнүчтү толугу менен колдошуп, ишти кыскартууну сурашты.

Өтүнүчтү иш материалдары менен бирдикте изилдеп, пикирлерди угуп, сот төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет.

"Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин ишке киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" 28-октябрь 2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын негизинде 2021-жылдын 01-декабрдан тартып Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодекси, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодекси ишке киргизилген.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 12-беренесинин талабына ылайык жосундун кылмыштуулугун жокко чыгаруучу же кылмыштуу жосундун кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин жеңилдетүүчү мыйзам өткөн убакытка карата колдонулат, башкача айтканда тиешелүү жосунду мындай мыйзам күчүнө киргенге чейин жасаган адамдарга, анын ичинде жаза өтөп жаткан же аны өтөгөн адамдарга жайылтылат.

Жосундун кылмыштуулугун белгилөөчү же кылмыштуу жосундун кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин күчөтүүчү мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

Жосундун кылмыш-жаза-укуктук натыйжаларын жарым-жартылай жеңилдетүүчү жана жарым-жартылай оордотуучу мыйзам убакыт жагынан ушул натыйжаны жеңилдеткен бөлүгүндө гана колдонулат.

Эгерде кылмыш жасалган мезгилден тартып өкүм чыгарган мезгилге чейин кылмыш-жаза мыйзамы бир нече жолу өзгөрүлсө, анда алда канча жеңил мыйзам колдонулат.

Тарбиялык жана медициналык мүнөздөгү мажбурлоочу чаралар сотто ишти карап жаткан убакытта колдонулуп жаткан мыйзамдын негизинде гана колдонулат.

Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 3-беренесинин талабына ылайык кылмыш-жаза сот өндүрүшү, эгерде ушул Кодексте башкача каралбаса, процессуалдык иш-аракетти аткаруу, процессуалдык чечимди кабыл алуу учурунда колдонуудагы мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылат.

Процесстин катышуучуларына жаңы милдеттерди жүктөгөн, тикелей же кыйыр түрдө укуктарын жокко чыгарган же аларды азайткан, аларды пайдаланууну кошумча шарттар менен чектеген кылмыш-жаза процессуалдык мыйзам өткөн мезгилге карата колдонулбайт.

Далилдердин жол берилгендиги алар алынган учурдагы колдонулган мыйзамга ылайык аныкталат.

"Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексин, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексин, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексин ишке киргизүү жана Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” 28-октябрь 2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесинин 7-бөлүгүнүн талабына ылайык 2021-жылдагы Кылмыш-жаза процессуалдык кодекс күчүнө кирген учурда соттун өндүрүшүндө турган кылмыш-жаза иштери 2021-жылдагы Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине ылайык каралууга жатат. Мында соттук териштирүү 2021-жылдагы Кылмыш-жаза процессуалдык кодекс күчүнө кирген учурда турган стадиядан улантылат. 2021-жылдагы Кылмыш-жазапроцессуалдык кодекси күчүнө кирген негиздер боюнча прокурорго кылмыш иштерди кайтарууга жол берилбейт.
2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 12-пунктунун, 14-бөлүгүнүн талабына ылайык төмөнкү учурларда кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатат: соттук териштирүүнүн убагында прокурор айыптоону колдоодон баш тартканда.

Эгерде айыпталуучу буга каршы болсо, ушул берененин 1-бөлүгүнүн 10-12 жана 14-пункттарында көрсөтүлгөн негиздер боюнча ишти кыскартууга жол берилбейт. Бул учурда иш боюнча өндүрүш улантыла берет жана ага негиздер болгондо актоо өкүмүн же соттолгон адамды жазаны өтөөдөн бошоткон айыптоо өкүмүн чыгаруу менен аяктайт.
Ушул эле Кодекстин 24-беренесинин 4-бөлүгүнүн негизинде айыпталуучуларга угузулган кылмыштар ачык айыптоо кылмыштарына таандык.
2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 25-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 26-беренесинин 2-бөлүгүнүн, 41-беренесинин 1-бөлүгүнүн, 295-беренесинин 4-бөлүгүнүн талабына ылайык жеке-ачык жана ачык айыптоо иштери боюнча мамлекеттин атынан кылмыш куугунтугун тергөөчү, прокурор жүзөгө ашырат.

Соттук териштирүүнүн убагында прокурордун айыптоодон баш тартуусу жабырлануучуну айыптоону колдоо укугунан ажыратпайт.

Мамлекеттик айыптоочу айыптоодон баш тарткан учурда сотто айыптоону өз алдынча колдогон жеке ачык айыптоо иштери боюнча жабырлануучу жеке айыптоочу болуп саналат.

Прокурор айыптоону жеңилирээк айыптоого өзгөртө алат же болбосо айыптоодон толук же жарым-жартылай баш тарта алат.

Жабырлануучу айыпты колдогон учурларды кошпогондо, соттук териштирүүнүн жүрүшүндө мамлекеттик айыптоочунун айыптоодон толук же жарым-жартылай баш тартуусу кылмыш ишин толук же анын тиешелүү бөлүгүн кыскартууга алып келет.

Иштин материалдарына караганда кылмыш иш боюнча жабырлануучулар тартылган эмес, ал эми айыпталуучулар болсо мамлекеттик айыптоочунун айыптоону колдоодон баш тарткан өтүнүчүн колдошуп, ишти кыскартууну сурашты.

2021-жылдагы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 302-беренесинин негизинде эгерде соттук териштирүү учурунда ушул Кодекстин 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3–14-пункттарында көрсөтүлгөн жагдайлар аныкталса, ушул Кодекстин 27-беренесинин 4-бөлүгүндө белгиленген жагдайлар болбогон шартта иш соттук отурумда кыскартылууга тийиш.

Далил буюм маселесин чечүүдө Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 86-беренесинин талабына ылайык toktom мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин бөтөлкөлөрдүн сыныктарын, ички иштер ишмерлеринин кийимдерине төгүлгөн күйүүчү май заттарын жок кылууну, ал эми 3 даана СД дисктерди, К.Т. “Бийлик алмашты”-деп жөнөтүлгөн билдирүүнү кылмыш иш менен бирдикте сактоону сот туура деп эсептейт.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда

Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 304-беренесин колдонуп, сот,-

Т О К Т О М К Ы Л А Т :

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдагы Кылмыш-жаза кодексинин 295-статьясы, 297-статьясынын 1-бөлүгү менен айыпталышкан У.М.Ж.тин, Т.Ж.Ш.тин, С.А.Т.тин жана Т.Ш.К.тин кылмыш иши Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 302-беренесинин, 27-беренесинин 1-бөлүгүнүн 14-пунктунун негизинде кыскартылсын.

Мамлекеттик айыптоочу Т.Р. оозеки өтүнүчү канааттандырылсын.

У.М.Ж.тин, Т.Ж.Ш.тин, С.А.Т.тин жана Т.Ш.К.тин бөгөт коюу чаралары алынып салынсын.

Далил буюмдар: токтом мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин бөтөлкөлөрдүн сыныктары, ички иштер ишмерлеринин кийимдерине төгүлгөн күйүүчү май заттары жок кылынсын, ал эми 3 даана СД дисктер, К.Т. “Бийлик алмашты”-деп жөнөтүлгөн билдирүү кылмыш иш менен бирдикте сакталсын.

Токтомго наразы тарап 10 күн ичинде Жалал-Абад шаардык соту аркылуу Жалал-Абад облустук сотуна апелляциялык тартипте даттанууга укуктуу.

Төрагалык кылган-судья: Калмамат уулу А.

Судебные акты публикуются в качестве справочной информации. Если пользователь желает получить официальный документ, необходимо обратиться в канцелярию соответствующего суда